*ТОКТОСУНОВА Н.*
lib.knu@mail.ru

# КЫТАЙ АКЫНЫ ЛИ БОНУН САПТАРЫНДА ЖАРАТЫЛЫШ

Кытай элинин эн көрүнүктүү акыны Ли Бо салттуу чыгыш адабиятынын классикалык өкүлү.

Ли Бо Тан династиясы бийлик жүргүзгөн, Кытай маданияты дүркүрөп өскөн доордо жашап,чыгармаларын жазган. Кытай тарыхында дал келген ошол таш доору ысымдары азыркыга чейин жашап келген миндеген атактуу акындарды берген. Алардын чыгармалары ошол гүлдөгөн доорду даңазалап, аны кытай адабиятындагы «Алтын кылым» деген атка кондурган.

Толтура сырга толгон тан каларлык сонун өмүрдө жашаган акындын ысымы укмуштудай уламаларга бай. Атүгүл туулганы жөнүндө да көптөгөн аныздар бар. Ли Бо туулардан мурда эле бир чоң ак жылдыз энесинин түшүнө кирген, ошондуктан бала туулганда атын Тай Бай деп коюшкан (Чолпон Жылдыз). Ли Бо сабатын өз үйүндө ачкан, беш жашынан окуй баштаган. Адегенде эсеп чыгарганды үйрөнүп, андан сон ойчулдар жана акындар менен тааныша баштаган,негизинен Конфуцийдин жолун жолдоочуларды окуп,анан кытай тарыхы жана адабияты менен таанышкан, көп тилдерди билген, Кытай менен жамаатташ жашаган мамлекеттердин тарыхын өздөштүргөн.15 жашынан даоссизм жана буддизм менен таанышкан. Он жетиге чыкканда Ли Бо Миншань шаарындагы элден безген дервиш Дун Яньцзыга келет. Аныкында бир нече жыл туруп, анан бир нече жыл жер кезип көп окуп, лютна аспабында ойноп ыр жаза баштаган.

Алга умтулган Ли Бо эреже-жосунду, үрп-адатты, шарттуу жашоону таанып, булуттун ары жагындагы руханий бөтөнчө дүйнөгө умтулуп, тынымсыз изденүүдө болот.

Ар дайым бушайман кылган рух дүйнөсү,жашоо шарты жакшы камсыз болгон жаштардын жолуна түшпөй, такыр башка жолго салат. Ал мамлекттик сыноолорго катышпай, даражалуу кызматтардан баш тартат,өзүнүн дөөлөтүнө сөөлөтүн чиренген текебер төрөлөрдү жек көрөт. Ошол учурда эле Ли Бо элине жана мекенине пайдалуу эмгек өтөгүсү келет,андыктан жакшылыктын жолуна салыш учун падышанын кенешчиси болууну ойлойт. Бирок жаш акындын мүдөөсүн турмуш агымы чукул буруп, ал ак сарайда калгысы келбейт.

Ли Бо 20 жашка келгенде чиндүү кызмат сунуш кылынат, бирок ал кызматтан баш тартат, ал жапайы жаратылышка суктанып, жер менен асмандагы керемет көрүнүшкө кызыгы артат, жапайы жаратылышты таанын-билүүгө бет алган Ли Бо өзү жашаган провинциадагы Эмейшань,Дайтяншань,Ушань тоолорунун бийик чокуларына чыгып,асманга жакын туруп, жер-дүйнөгө,айланага көз чаптырган. Ошондуктан, анын чыгармаларындагы негизги тема : асман, тоо, суу, токой, дарак, мейкин, гүлдөр, өсүмдүктөр.

Шу жеринде ыйык чоку аз эмес
Бирок баары туу чокуга жетеби?
Көргөн жандан сурайт элем ал элес ,
Көрк береби, көнүлүндөн кетеби?
Асман мелжийт, туш-туш жашыл тунгуюк,
Миң кубулган зор дүйнөгө суктанам.
Жаным жыргап тан нуруна куюнуп,
Сырга канам, кайрат алам, шыктанам.
Күүгө салып булуттардын күүлөрүн,
Эмей тоонун чертем сыйкыр кылдарын

Ли Бо туулган жери менен табийгый биримдигин сезет, ал булактын шылдырын туюнат, карагайды терметкен желаргы күү болуп угулат, жаратылыштын ар бир шооратын туура түшүнүп, аны менен карым-катнашта жашайт. Ал улам жаны жерлерге умтулат, Кытайдагы атактуу тоолорго чыккысы келет, тоо чокусунан көз салып,коп дарыяларды,көлдөрдү көргүсү келет,аларды карегине чөгөрүп ырларында сулуулук менен маани-мазмундуу даназалагысы келет.

Окурмандардын көз алдына жаратылыштын тан каларлык татынакай элестери тартылат, аларга ал сүрөттөгөн керемет жерлерде жүргөндөй кыялдарды жаратат.

Ли Бо пейзажга жан киргизет,кан жүргүзөт,учууга канат бүтөт, акынды асмандагы ай коштоп жүрөт,ал ай астында шарап ичет,айдын ыры,айдын бийи менен бир катарда кадам шилтейт. Тоолор аны тиктеп турат, лотос гүлү сырдашкысы-сүйлөшкүсү келет, жел ыргалат. Анын ырларында жаратылыш көнүлдү көтөрөт,бакытка терметет,шаттыкка бөлөйт, кан тамыры бирге кагат.

Ай жашынды туу чокунун артына,
Күзгү толкун ойнойт айдын алдында.
Кайык барат Юйчжоудан Саньсяга,
Ах,досум Ай,сен көрүнбөй калдын да.

Айлуу тундо гүл ичине,
Көөкор коюп коздодум.
Жалгыздыкта шарап ичем,
Жанымда жок досторум.

Ли Бону замандаштары менен достору аны «сянь» дешчу. Даоссизм философиясында сянь деген-табияттын жана дүйнөнүн жаралышынын сырын билүүгө умтулган, түбөлүк жаштык менен өлбөстүккө ыкма табууга аракет кылган адамды айтат. Мындай адамдар көр-оокаттагы пенделердин аң-сезимине жер кезген дервиш, асманда жашаган жинпери,көз боечу,сыйкырчы болуп сезилет. Сянга азаттык сезим таандык, ал ар кандай бийликке көз каранды болбой жаратылышта да коомдо да эң башкысы өз дүйнөсүндөгү каалоо кусалыгы менен кумар бийлигинен оолак болуу сезими турат.

Ли Бонун өмүрү так ушундай болгон. Жаратылыштын сырларын тапкан классикалык сянта тааныш сапаттары болгон.

Кайнар тоодон көк буу көккө бууланат,
Бийик зоодон шаркыратма куланат.
Агыш тарам саманчынын Жолундай,
Көктөн жерге күмүш түстүү суу агат.

Акындын поэтикалык дүйнөсүнүн терендигине жана көп убакыт саякатта жүргөндүгүнө байланыштуу жаратылышка арнаган жогорку көркөмдүктөгү бир керемет чыгармаларды жарткан.

Албетте турмуш тирүүлүк үчүн гана күрөш эмес, ал жердеги көз ирмемдик жашоого көз каранды болбогон,андан зор мааниге ээ болгон,руханий жактан байып,тазаланган дүйнөгө эшик ачкан акындын ырларын туюнтуу дегендик,бул түбөлүк жарык менен,аруулук менен жанашуу дегендик.

***Адабияттар:***

1. Ли Бо Тандалмалар 1-2 Бишкек 2004 16,62,беттер
2. Э. Турсунов 'Кытай акыны Ли Бонун ырларын кыргызча котормолору' 3,4,5,8,беттер